**УДК 371. 1**

***Сакиева С.С.***
*д.п.н., профессор Джалал– Абадского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Асаналиева М.М.***
*аспирант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ДИДАКТИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети - мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүнүн дидактикалык шарттары каралган. Балага руханий, адеп - ахлактык жактан тарбия берүүгө карата балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун жаңы дидактикалык шарттарын аныктоо максатында изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Илимий изилдөөдө педагогиканын теориялык талдоо методу колдонулган. Жыйынтыгында топтолгон педагогикалык маалыматтарды теориялык жактан анализдеп, жеткинчектердин руханий, адеп - ахлактык тарбиясын өркүндөтүү үчүн балдар адабиятындагы чыгармаларды түрдүү методдор менен окутуу боюнча сунуштар иштелип чыгылды. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы тарбиячыларга көмөктөш коомдук уюмдар менен ата - энелердин өз балдарын руханий, адеп - ахлактык жактан тарбиялап жетилтүүдөгү дидактикалык шарттарды түзүү муктаждыгы аныкталды. Алынган илимий жыйынтыктарды мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы көркөм адабият менен иштөөнүн методикасын уюштуруу процессинде колдонууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *руханий аң-сезим; руханий тарбия берүү; мектепке чейинки курак; таалим-тарбия; сезим; ааламдашуу.*

## ДИДАКТИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ДУХОВНОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

*Предметом исследования является дидактические условия духовного воспитания дошкольников. Проведены исследования по выявлению новых дидактических условий использования материалов детской литературы в области духовно-нравственного воспитания детей. В научный исследованиях использован метод теоритического анализа педагогики. В результате был разработан теоритический анализ собранных пелагических данных и разработаны рекомендации по преподованию произведений детской литературы различными методами для совершенствования духовно-нравственного воспитания подростков. Выявлена необходимость создания дидактических условий для духовно-нравственного воспитания детей общественными организациями и родителями, поддерживающими вспитателей в организациях дошкольного образования. Полученные научные результаты можно использовать при организации методики работы с художественной литературой в дошкольным образовании.*

***Ключевые слова:*** *нравственное сознание; развитие нравственного сознания; дошкольный возраст; воспитание; чувство; глобализация.*

## DIDACTIC CONDITIONS OF SPIRITUAL EDUCATION OF PRESCHOOL CHILDREN

*The subject of the article is the didactic conditions for the spiritual education of preschoolers.*

*Research has been carried out to identify new didactic conditions for the use of materials of children's literature in the field of spiritual and moral education of children. In scientific research, the method of theoretical analysis of pedagogy has been used. As a result, a theoretical analysis of the collected pelagic data was developed and recommendations were developed for teaching works of children's literature by various methods to improve the spiritual and moral education of adolescents. Revealed the need to create didactic conditions for the spiritual and moral education of children by public organizations and parents*

*who support educators in preschool education organizations.The obtained scientific results can be used in organizing the methodology for working with fiction in preschool education.*

***Key words:*** *moral consciousness; development of moral consciousness; pre-school age; feeling; globalization.*

Адамзат тарыхы - бул белгилүү өлчөмдө адам таануунун, адамдын пейилин, жүрүм - турумун жакшыртууга умтулуунун жана тарбиялоонун табышмактуу суроолорун чечүүнүн тарыхы. Ошондуктан балага өмүр бою азык болуп бере алчу руханий тарбияны мектепке чейинки курактан баштап тарбиялоо зарыл. Анткени тарбия - бул өзүн - өзү тарбиялоо.

Негизи эле тарбия жана өзүн - өзү тарбиялоо бирге ишке ашат, булар бирдей максатка умтулуп бирдей талапка жооп берет. Коомдо жашап эмгектенүү үчүн зарыл сапаттарды калыптандыруу максатында инсандын өз үстүнөн жакшы ниет менен баамдуу жана аң - сезимдүү иш жүргүзүүнүн өзүн - өзү тарбиялоосу дейбиз.

Немис элинин улуу ойчул жазуучусу Томас Мани мындай деп жазат: "Инсан периште менен жырткыч айбандын так ортосунда турат. Периштеден ыраактап жырткычка жакындаса айбан сыяктуу наадан болушу, жырткыч айбандан алыстап периштелерге жакындаса периштедей таза, касиеттүү инсан болушу, анын тарбиясына жараша болот" [1].

Адеп-ахлак тарыхый жана таптык мүнөзгө ээ. Түрдүү тарыхый кырдаалга ылайык өзгөрүүгө учурап турат. Баардык мезгил үчүн, баардык элдер үчүн бирдей өзгөрбөгөн адеп нормасы болууга мүмкүн эмес.

"Руханий көрөнгөсү болбосо, адам ошол нерселерди зыянга иштетип коюшу толугу менен мүмкүн. Анткени адеб - ахлак айбанаттык негизге түшүп кетүү менен бирөөнүн акысына киргенден, зомбулук көрсөткөндөн, кыянат кылгандан тартынбайт" - деп жазат Ж.Р. Мевлана өз эмгегинде [2].

Адам баласынын инсан болуп калыптануусунда негизги өнүгүүнүн үч жолу бар. Алар: физикалык, интеллектуалдык, руханий өнүгүү. Мына ушул руханий өнүгүү адам баласынын жашоосунда эң негизги ролду ойнойт.

Залкар жазуучубуз Ч. Айтматовдун күнүмдүк жашоого ураан катары жазып калтыргын, философиялык мааниси терең "Адамга эң кыйыны - күн сайын адам болуу" - деген сөзү да руханий өнүгүүдөн башталат.

Өзүн - өзү өнүктүрүү багытындагы билим алуу, үйрөнүүнүн чеги жок. Адам баласынын инсан катары өнүгүш - өсүшүндө мектепке чейинки курактан баштап баланы руханий адептик жактан тарбиялоодо татаал кризистерге кептелип, андан чыгуунун жолун издеп,соңку кылымдардагы карама - каршылыкка багытталган дүйнөдөгү техникалык цивилизациянын таасиринен улам адам баласы түбөлүктүү руханий баалуулуктардан узактап, инсандык сапаттарды, милдеттерди толук аткаруу жагынан аксап бара жаткандыгыбыз чын.

Ирландиялык белгилүү драматург Бернард Шоу таамай айткандай: "Биз суу астында балыктай сүзүүнү, асманда чымчыктай учууну үйрөндүк, бирок жер үстүндө адамча жашоого үйрөнө албай койдук" [3].

Инсан болуп калыптанууда руханий тарбиянын ролу өтө чоң экендиги учур өзү тастыктап турат. Руханий, адеп - ахлактык таалим - тарбиянын кайтарымдуулугу менен мугалим таалимчинин ортосундагы көз карандылыкты эң негизги мыйзам ченемдүүлүк катары эсептөө керек. XIX кылымдагы немец педагогу А. Дистерверг: "Мектепте баары

мугалимге негизделет. Эң мыкты окуу предмети да, окуучу үчүн жандуу өрнөк, үлгү да мугалимдин инсандык сапаттары. Бир дагы китеп, мугалимдин духун алмаштыра албайт" - деп айткан [4].

Макаланын негизги изилдөөсү катары улуттук мамлекетибиздеги адеп- ахлак, нарк - насил, жүрүм-турум эрежелери, адамдардын бири - бирине болгон көз караштары, ошол коомдогу көз караштардын кагылышуусу жаштардын, орто жана улуу муундардын, кала берсе үй - бүлөдөгү эне -баланын ортосундагы бири - бирине болгон жылуу мамилелердин жоголуп бара жаткандыгына байланыштуу, мектепке чейинки курактагы балдарга руханий, адеп - ахлактык тарбияны калыптандырууда дидактикалык шарттарды изилдөө негизги маселе катары каралат. Бул М. Сервантес, Д. Дефо, Р. Распе, В. Скоттко, Ж. Вернге, В.Г. Белинский, Н.Г. Чернышевский, А. Пушкин, Л. Толстой, М. Горький, В. Маяковский, К. Ушинский, М. Пришвин ж.б. эмгектеринде да каралган.

"Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 4 - беренесине ылайык мектепке чейинки курактагы балдарга мектепке чейинки билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири болгон баланы руханий, адеп - ахлактык жактан өнүктүрүүдө илимий - методикалык, илимий - усулдук жактан камсыз кылуу негизги талаптардын бири [5. 3-б].

Адамзат тукум улагычы болгон перзенттерибизди руханий, адеп - ахлактык жактан тарбиялоонун бирден бир каражаты болгон балдар адабияты жана аны чыгарган элдин ролу өтө чоң. Анткени, маселени методологиялык жактан туура аныктоо менен стилдик курулмаларына, проблеманын аныкталышына ойдун омоктуу, ыраатуулугу, талдоо - жыйноонун айкашы, усулдуулук, көркөм жалпылагыч касиети, илимий ынаткычтык маңызы болсо, далил - мисал келтирүү менен бекемдегич сапатына ээ.

Ф.Энгельс: "Жакшылык жана жамандык жөнүндө түшүнүк элден элге, кылымдан кылымга ушунчалык өзгөрүүлөргө учураган дейсиз, көп учурда алар бирине бири тике жана карама - каршы мүнөзгө өткөн деген ойго келет" [4].

Коом өзгөрүп, адамдардын коомдогу мамилелери, социалдык абалы алмашкан сайын адептүүлүктүн нормалары да өзгөрүүгө дуушар болуп турат. Учурдагы эле адептүүлүктүн көп нормалары бүгүн таптакыр башкача болуп өзгөрүп кеткенине өзүбүз күбө болуп олтурабыз.

Адеп - бул адам баласынын денесиндеги рух. Ошондуктан, адам түрдүү багыттагы арзууларга азгырылбай өзүн - өзү сактоо жана өнүктүрүүнүн үстүндө өмүр бою күрөшүшү зарыл. Бул күрөш өмүрдүн ар бир саатында, ар бир көз ирмеминде уланууга тийиш. Турмушта жакшы мүнөз, адеп күтүү канчалаган ыкластарды ибадатка айландырууга багытталган татаал руханий изденүү, иш - аракеттердин жемиши.

Ч. Айтматов адилет белгилегендей: "Адамдагы балалык абийир дандагы түйүлдүк сыңары. Түйүлдүгү жок дан өспөйт" [5].

Баланы тарбиялоо эң оболу анын тубаса акыл - зээнине байланыштуу болот. Тагдыр адамды индивид катары бар болушун аныктайт, анын адамдык насили алган таалим - тарбия, нускасына карай аныкталат. Адам баласынын кандай коомдо төрөлгөнүн жана ошол коомдун баалуулуктарына жараша өнүгүш багытын, тактап айтканда руханий, адеп - ахлактык тарбия билим берүүнүн максатын аныктайт.

Ата - бабаларыбыз материалдык байлыкка караганда, руханий, адеп - ахлак байлыкка көбүрөөк басым жасашкан. Тилекке каршы ата - бабаларызга татыктуу урпак боло ала турган келечек муундарды кантип тарбиялай алабыз? деген суроо баарыбызды ойлондуруусу кажет. Адамды руханий, адеп - ахлактык жактан тарбиялоодо улуттук эрежелерге таянган, этикалык нормаларды сактаган, табиятты таануу, экологиялык маселени түшүнгөн жаратылыш менен өтө тыгыз мамиледе болуусун кичинекейинен балага сиңирүү керек. Ушул таризде алганда мамлекетибизде элдин аң-сезимин бириктире турган нерсе жаралат.

Адам балалык курагында өзүн турмушка даярдайт, ошол кезде кетирген кемчилик чоңойгондо оркоюп чыга келет, жакшы жашоо тууралуу актыны бешенеге жазып койбойт, ал аракетке, ишмерчиликке байланыштуу көрүнүш, бул болсо руханий, адеп - ахлактык тарбиянын туундусу деген идея келип чыгат.

Балага сабыр, ыраазычылык, чыдоо, кайраттуу болуу, кыйынчылыктан сабак алуу, кыйынчылыкты сүйүү аркылуу жеңүү, карөзгөйгө айкөл мамиле кылуу, руханий ааламды руханий көз менен көрүү сыяктуу түшүнүктөрдү, руханий - адептик дөөлөттөрдү жеткилең куpактан баштап калыптандыра алсак, анда биз келечек муундарга чоң эрдик кылган болот элек деп белгилешет кыргыз балдар адабиятындагы эмгектеринде (К. Баялинов, М. Жангазиев, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, Ж. Бөкөнбаев, Р. Шүкүрбеков, А. Токтомушев, Ч. Айтматов ж.б.).

Учурда көркөм аң - сезимибиз эле эмес, жалпы коомдук аңдообуз мезгилдин талабына жетпей өксүп жаткандыгы чын. Бала - перзент, бала мурас, бала - адам деген эмне? Сен эмне үчүн жашап, кимге кызмат кылмаксың? деген ой түйүндөрү көркөм таануу обьектисинде таржымалданат. Чын эле, бул турмушта адам тагдыры ар түркүн куралат, турмуштун ар кыл булуң - бурчунан орун табат, бири жарашыктуу жашайт, бири ыңырчактуу турмуш курат, бирок баари бир чоңойгон кездеги аң - сезимдүү турмуш - тиричилигинде анын балалык учурунун үлүшү, балалык пейилдин кошумчасы болбой койбойт. Муну генетикалык планда гана эмес, соңиалдык планда да караса болот.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындын басымдуу көпчүлүгү көнүмүш салттык көз караштардын негизинде иш алып барышат. Айрым балдар бакчаларында тарбияга негизделип ийгиликтүү ишке киргизилген бүт дүйнөгө орток инновациялык тажрыйбаларды жалпыга жайылтуучу методикалык механизмдер жетиштүү иштелип чыккан эмес. Айрыкча, балабакча балдарынын түрдүү ишмердүүлүккө чегерүү, балдарды жеке өзгөчөлүктөрүнө карап жеке тарбиялоо иши жетиштүү колго алынган эмес. Ошол себептен, учурдун талабын эске алуу менен өзүбүздүн улуттук тарбияга басым жасоо жана жаңы багыттагы эрежелерди жуурулуштуруу аркылуу мектепке чейинки курактагы балдарга руханий, адеп - ахлактык тарбияны берүүбүз керек.Ошол себептен мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө, түрдүү дидактикалык шарттарды колдонуу мыкты натыйжасын берет. Ал үчүн төмөнкүдөй методдорду пайдалануунун зарылдыгы келип чыкты:

- ✓ чыгарманы оюнчуктар менен окуу жана айтуу (оюнчуктарды көрсөтүү жана алар менен болгон аракеттер менен коштолот);
- ✓ бир тема боюнча бириктирилген бир нече чыгармаларды окуу (жаз жөнүндө, жаныбарлардын жашоосу жөнүндө ырларды жана аңгемелерди окуу) же образдардын

биримдиги (кыска, жөнөкөйдөн татаалга карай эки жомок). Сиз бир жанрдагы чыгармаларды (моралдык мазмуну бар эки окуя) же бир нече жанрды (табышмак, повесть, ыр) бириктире аласыз. Мындай сабактарда жаңы жана буга чейин тааныш болгон материалдар айкалыштырылат;

- ✓ искусствонун ар кандай түрлөрүнө таандык чыгармаларды айкалыштыруу (стол театры, куурчак жана көлөкө театры, фланельграф):
- ✓ адабий чыгарманы окуп, белгилүү сүрөтчүнүн сүрөтүнөн репродукцияларды изилдөө (презентациялар, фильмдер, телешоулар);
- ✓ музыка менен айкалыштырып окуу;

Качан гана ата - эне, коомчулук жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан тарта тарбиялоонун бирдиктүү системасын жана талаптарын күчөткөндө гана коомду курап кете ала турган келечек муундары жаралат. Чындыгында, кенже өспүрүмдөн өспүрүм куракка жол тарткан өткөөл мезгилде, баланы пейили "даарып" калары белгилүү. Ошондуктан бул тууралуу ата - энелер да, коомдук тарбия мекемелери да баланы балдар адабиятындагы чыгармалар жана күндөлүк жашоо тиричилигин мазмундуу уюштуруп, аны туура жолго салуу бала күтүп, бала менен иштеген ар бир пенденин ыйык милдети болуусу керек. Эгер, кайсы бир себептер менен бул жумушту кечеңдетип жиберүү руханий, адеп - ахлактык тарбия ишинде олуттуу кемчилдикке жол берүү дегенге барабар.

Ошондуктан мектепке чейинки курактан баштап балдарга руханий, адеп - ахлактык тарбиялоого көңүл буруу мамлекеттин көңүл чордонунда болууга тийиш.

Жүрүм - турумдун, адеп - ахлактын күнүмдүк жашоо принциптеринен чыгып бара жаткандыгына байланыштуу, бүгүнкү күндөгү Президент С. Жапаровдун кабыл алган "Жарандардын руханий адеп - ахлагын өнүктүрүү жана жарандардын дене тарбиясы" жарлыгы өзүбүздүн накта улуттук баалуулуктарыбызды калыбына келтируу максатында бир топ иш - аракеттер жүргүзүлөт деп ойлоймун.

Макаланы жыйынтыктап жатып, адамзат тарыхында таасир этүү чөйрөсүнүн мезгилдик жана мейкиндик мерчемдеринин чексиздиги жагынан чанда кездешүүчү ойчул, аалымдардын бири Ж.Р. Мевлананын сөзү менен жыйынтыктаймын, "Кийим көрдүм ичинде адамы жок, адам көрдүм үстүндө кийими жок".

**Жыйынтыктар:**

1. Илимий макаланын жыйынтыгында мектеп жашына чейинки балдар үчүн балдар адабиятын келечек муундарды тарбиялоонун маңыздуу, майнаптуу формаларынын бири экендигине токтолуу зарылчылдыгы келип чыкты;
2. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы тарбиячыларга көмөктөш коомдук уюмдар менен ата - энелердин өз балдарын руханий, адеп - ахлактык жактан тарбиялап жетилтүүдөгү дидактикалык шарттар аныкталды;
3. Балдар адабиятына тарыхый - эстетикалык баа берүү, анын жалпы элдик маданиятка кошкон салымын белгилөө менен руханий, адеп - ахлактык тарбияны калыптандырууда илимдүүлүк, жеткиликтүүлүк, аң - сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциптерин колдонуу зарылчылыктары көрсөтүлдү.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Белинский, В.Г.** О детской литературе и детском чтении [Текст] / В.Г. Белинский, Н.Г. Чернышевский, Н.А.Добролюбов.- М.: Детская литература издание, 1954. - 64 с.
2. **Мамбектакунов, Э.** Мевлананын сырдуу дүйнөсү [Текст] / Э. Мамбектакунов. – Б.: Шоокум, 2012.- №8. - 77с.
3. **Алимбеков, А.** Желалиддин Руми Мевлананын таалим - тарбия тууралуу көз караштары [Текст] / А. Алимбеков.- Б.: Улуу тоолор, 2020. - 26 с.
4. **Алимбеков, А.** Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы (тарыхы, азыркысы, көйгөйлөрү) [Текст] / А. Алимбеков. – Б.: КББАнын Окуу китеби, 2020. - 38 с.
5. Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан кабыл алынган "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" боюнча мамлекеттик стандарт. -Бишкек: ЖК Басма сөз кызматы.- №6 - 18046/16, 2020. – Б. 3 - 5.
6. **Собиров, Н.** Патриотизм и идеологическое воспитание [Текст] / Н. Собиров, А. Акбаров // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2011. - № 3,4. – С. 15 – 18.
7. **Сакиева, С.С.** Использование дидактических материалов в обучении кыргызскому языку в начальных классах: практика и инновация писателей [Текст] / С.С. Сакиева, А. Орозбаева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2018. - №3. – С. 75 – 83 .


*Поступила в редакцию 01.06.2021г.*

**УДК:371.3/378.147.11**

***Бабаева А.Д.***

*доцент Кыргызско – Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова,Кыргызская Республика*

***Токторова А.Э.***

*преп. Бишкекского гуманитарного универ. им. К. Карасаева, Кыргызская Республика*

## СТУДЕНТТЕР УКУКТУК ТАРБИЯНЫН СУБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

*Бул макала студенттердин укуктук тарбиясына арналган. Изилдөөнүн предмети катары окуу - тарбия процессинде студенттердин укуктук тарбиясын өнүктүрүүсү каралды. Негизги максаты ЖОЖдун бирдиктүү педагогикалык процессинде студенттердин укуктук тарбиясын өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин аныктоо менен педагогикалык шарттарын көрсөтүү. Ал эми макалада изилдөөнүн методдору психологиялык, философиялык жана педагогикалык теориялык жактан иликтөөлөр көрсөтүлдү. Орто кесиптик окуу жайлардын ченемдик укуктук базасын жакшы өздөштүрбөгөндүгү көпчүлүк педагогдор өз ишмердигин жөнгө салуучу жергиликтүү укуктук ченемдик актылар менен тааныш эместиги, өздөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана студенттердин кызыкчылыктарын коргоодо укуктук механизмдерди колдоно албастыгы изилдөөдө байкалды.Студенттердин укуктук тарбиясын калыптандыруунун мотивациялык – баалуулук; когнитивдик – педагогикалык; ишмердүүлүк – рефлексиялык; укуктук ан-сезимдик; укуктук маданияттык; укуктук аракет жана жүрүм – турумдук компоненттери аныкталган. Жаңы маалыматтык – коммуникативдик технологияларды колдонуп студенттердин укуктук тарбиясын калыптандырууда атайын укуктук нормативдик багыттагы сайттарды ачуу жана аларга педагогдордун укуктук компетенттүүлүгүнө тиешелүү болгон материалдарды жайгаштырып туруусу авторлор тарабынан сунуш катары берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *студенттер; укуктук тарбия; аң сезим; принциптер; орто кесиптик окуу жайы; билим берүү; окутуучу.*